**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.15.522 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК: 372.82 (3752)(0433)

**Джумабаева Гулайым Абдысаматовна**

# ДИН ТААНУУ БИЛИМИНИН МАЗМУНУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын теориясы жана тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүү
үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2017

Диссертациялык иш Кыргыз билим берүү академиясынын педагогика жана кесиптик билим берүү лабораториясында аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Добаев Кыргызбай Дуйшенбекович**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Асипова Нурбүбү Асаналиевна**

тарых илимдеринин доктору, профессор **Ормушев Асан Сулайманович**

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы (714000,Ош ш., Ленин көч., 331).

Диссертация 2017-жылдын 24-мартында саат 13.00 И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д13.15.522 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү,51.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы КМУнун китепканасынан таанышууга болот. (www.arabaev.kg)

Автореферат 2017-жылдын 24-февралда таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдерининдоктору,профессор Калдыбаева А.Т.

## КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Жаңыча социалдык-экономикалык мамилелердин орношу, мамлекеттин демократиялашуусу, элдин улуттук педагогикага кайрылуусу таалим-тарбия тармактарына көптөгөн жаңылануулары киргизүүдө, ал коомдук пикирди өзгөрүүгө дуушар кылууда. Калк арасында, анын ичинде өспүрүмдөр арасында динди таанууга кызыккандар көбөйүүдө. Бүгүнкү күндө Республикада 30дан ашык секталар, диний коомдор каттоодон өткөн. Каттоодон өтпөстөн, бийликтен жашырынып тымызын аракетин жүргүзгөн экстремисттик уюмдар да бар. Диний чөйрөдө проблемалар көбөйүп, коом ичинде кооптуулук күчөөдө. Диний факторлор коомдогу туруктуулукту бузуп жиберүүгө жөндөмдүү экендигин эл аралык тажрыйбадан көрүүгө болот.

Ата-энелердин, мугалимдердин дин таануу (теология) боюнча билимсиздигинен, мектептеги динге байланыштуу таалим-тарбия иштеринин жетишсиздигинен пайдаланышып, секталар, “диний” коомдор өспүрүмдөрдүн аң-сезимине туура жана далилденбеген (туура эмес) маалыматтарды аралаштырып таңуулоодо.Секталардын ар биринин өз идеологиясы болот. Мындай көп идеологиясы бар өлкөдө жашаган элдин биримдигин сактап калуу кыйын, мугалимдерге балдарды туура жолго багыттоо кыйынчылык туудурат. Эл ичинде саясый-социалдык ишеним болбосо, эл бир нече диний жоболордун негизинде бөлүнүп жашаса, буга байланышкан пикир келишпестик болсо, мамлекетте стабилдүү тартипти камсыз кылууга жолтоо болот. Ынтымагы жок элде өнүгүү болбойт. Анда өкмөт жетекчилерине элди бириктирүү боюнча туура саясат жүргүзүп, эл ичинде ишенимди камсыз кылуу кыйын болот, бирок эл ичинде ишенимди камсыз кылуу – мамлекеттин жана анда кызмат кылган бардык органдардын милдети экендигин унутпашыбыз керек.

Коомдо рухий проблемалар (баңгилик, аракечтик, ыймансыздык), окуучулар арасында психикалык проблемалар (апатия, депрессия, агрессия ж.б.) көбөйүүдө. Ошондой эле жалган маданий окуулар (оккультизм, экстрасенсорика, сыйкыр ж.б.) окуучулардын аң-сезимине чабуул жасап жатышат. Өспүрүмдөрдүн көз караштары бири-бирине карама-каршы болуп, жаштар арасында келишпестик арбып, криминалдык проблемалардын масштабы кеңейүүдө. Республикада “диний”, сектанттык ойломдогу адамдар өлкөбүздү бир нече саясый-идеологиялык коомчулукка бөлүү коркунучун пайда кылууда.Мамлекеттик мектептерде “диндердин” (диний экстремизмдин, радикализмдин, деструктивизмдин ж.б.) зыяндуулугун түшүндүрүү иштери жүргүзүлбөсө, келечекте мамлекеттүүлүктү сактап калуу кыйын болот. Анткени сектанттар да, жалган маданий окууну таңуулагандар да активдүү аракетин жүргүзүүдө, жаштардын руханий биримдигин сактап калуу татаалдашып бара жатат.

Методологиясы коммунисттик идеологияга таянган мурдагы педагогика кризиске келди. КМШнын курамына кирген өлкөлөрдө коммунисттик идеологиянын ордуна балдарды адептик-рухий (ыймандуулукка) тарбиялоо боюнча конструктивдүү идея издеп, улуттук салттарга, өткөн тарыхый тажрыйбаларга жана динди таанууга кайрылышууда.

РББАнын (РАО) экс-президенти Н.Д. Никандров: “Диний тарбиясыз жана аракетсиз коомдун рухий өнүгүүсү кечеңдейт. Динге мамилени жакшыртуу аркылуу рухий баалуулуктарга тарбиялоо Конституциянын принциптерине каршы келерин түшүнөбүз”, – дейт. (Духовность и религия в светском образовании. Сборник докладов VI Международных рожденственных образовательных чтений. М., 1998). Ошого карабастан дүйнө жүзүндөгү көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө дин таануу же башка аталыштагы предметти окуу планга киргизүүдө.

КРсы демократия жолуна багыт алган мамлекет болгондуктан, анын “Диний билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы жалпысынан эл аралык укуктук актыларга туура келет: “Ар ким өзү тандаган динди тутууга жана жекече же башкалар менен бирдикте диний билим алууга укуктуу” – деп айтылган. (Международный пакт о гражданских и политических правах, ст.18). Мындай кырдаалда туура жол таап кетүү үчүн Кыргыз Республикасынын 2009-2015-жылдарда диний сферада мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн стратегиясынын долбоору талкуудан өттү.

Мамлекеттин өнүгүшү мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн интуициясынын өнүккөндүгүнөн көз каранды. Ал эми интуициянын өнүгүшү адамдын ички дүйнө таанымы, динди таануу менен байланыштуу, – деп ырасташат неотомисттик көз караштагы педагогдор. КРда “Дин маданиятынын тарыхы”, “Дин таануу” курсун (предметин) киргизүү зарыл экендиги айтылууда (Жалпы орто билим берүүнүн окуу планына динди таанытуучу жаңы предмет киргизүү максатында түзүлгөн концепция, Кыргыз Республикасында дин маданиятынын тарыхын окутуунун концепциясы). Андыктан дүйнөлүк практикада жалпы билим берүүчү мектептерде дин таануу боюнча билим берүү жана тарбиялоо тажрыйбасын изилдөө менен окуучулардын динге карата илимий көз караштарын калыптандыруу зарылчылыгы пайда болду. Булар дин таануу билиминин мазмунун илимий негизде түзүүнүн **актуалдуулугун** аныктады.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги изилдөө иштери менен байланышы:** Диссертациялык иш КББАнын изилдөө иштеринин тематикалык планына туура келет.

**Изилдөөнүн максаты:** башка мамлекеттердеги мектептерде диний таалим-тарбиянын тажрыйбаларын үйрөнүү менен Кыргызстандагы мектептерде “Дин таануу” курсун киргизүүнүн жолдорун жана мазмунун аныктоо.

Изилдөөнүн максатын ишкеашыруу үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Дин таануу боюнча билим берүү жөнүндө философиялык, педагогикалык, психологиялык адабияттарды талдоонун негизинде мектептерде дин таануу билиминин ролун ачуу.

2. Кыргыз Республикасында мектептерге дин таануу билимин киргизүүгө карата коомчулуктун мамилесин аныктоо.

3. Дин таануу билимин мектептерге киргизүүнүн себептерин жана максаттарын тактоо.

4. Дин таануу билиминин мазмунун (программасын), аны окутуунун усулдарын иштеп чыгуу, мектептерде апробациялоо, изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

– мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн мааниси аныкталып, анын зарылдыгы теориялыкжактан негизделди;

– дин таануу билиминин мектепке киргизүүнүн себептери, максаттары такталды;

– дин таануу курсунун 8-11-класстарда окутулуучу программасы (мазмуну) иштелип чыкты;

– мектептерде дин таануунун негизинде тарбия-таалимдин усулдары, формалары, мугалимге, окуучуга коюлган талаптар ачыкталып берилди.

**Изилдөөдөн алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Дин таануу курсунун программасынын алгачкы варианты даярдалды. Аны азыркы шартта тандоо боюнча окутулуучу курстун программасы катары колдонууга болот. Изилдөөнүн негизинде табылган теориялык материалдарды жогорку окуу жайлардын теология бөлүмүндө педагогдорго окуу процессинде пайдаланууга болот. Сектага, экстремисттик коомдорго кирген, жалган маданий окууларга кызыккан окуучулардын кыйынчылыктары аныкталып, ага жараша тарбиялоо усулдары иштелип чыкты, мугалимдер үчүн методикалык сунуштар даярдалды.

**Диссертациялык коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Дин таануу билими адамдын ыймандык сапатынын калыптанышына, аң-сезиминин өнүгүүсүнө, жалпы дүйнө таануусуна өбөлгө түзөт, дин –дилди тазартуунун каражатынын бири.

2. Дин таануу билими дүйнөлүк конфессиялар жөнүндө маалымат берет, башка конфессиянын (иудаизм, христиан, буддизм ж.б.) өкүлдөрү менен толеранттуу мамиле түзүүнүн, тынчтыкта жанаша жашоонун жол-жоболорун үйрөтөт.

3. Дин таануу билиминин мазмуну – окуучуларга секталардын, экстремисттик, террористтик, радикалдык, деструктивдик коомдордун зыяндуулугун түшүндүрүүгө арналууга тийиш.

4. Учурда дин таануу билиминин максатын, милдеттерин аныктоо жана аны окутуунун жолдорун иштеп чыгуу актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы**. Кыргызстанда алгачкылардан болуп, дүйнөлүк билим берүү системаларында мектептерде диний билим берүүнүн логикасы, тажрыйбасы, изденүүлөрү, табылгалары боюнча теориялык изилдөө жүргүзүлдү, мектептерде диний билим берүүнүн педагогикалык процесстеги орду жана мазмуну аныкталды. Кыргыз Республикасынын конфессиялык абалын эске алып, мектептерде кыргыз тилинде окутулуучу “Дин таануу” курсунун программасын иштеп чыктык.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи.** КРнын конституциясы, КРнын “Диний билим берүү тууралуу” мыйзамы, КРнын 2009-2015-жылдарда диний сферада мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн стратегиясынын долбоору, «Динге ишенүү эркиндиги жана диний мекемелер жөнүндөгү» мыйзамы, Мектептерде диний билим берүүгө арналган (диний философияга негизделген) педагогикалык адабияттар, педагогика илиминин концептуалдык идеялары, КРда жалпы билим берүүнүн окуу планындадинди таанытуучу жаңы предмет киргизүү максатында түзүлгөн концепциясы, (Кут билим. 07.01.2011.), КРда дин маданиятынын тарыхын окутуунун концепциясы. (Кут билим. 7.02.2014).

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Дин иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиянын демилгеси менен “Дин таануу” курсунун программасы www reliqion.kg дареги боюнча интернет-сайтка (2009) элдин сынагына коюлду. Изилдөөнүн негизги жоболору төмөнкү иш-чараларда талкууланды: Бишкек шаарында 2002-жылы өткөн “XXI кылымдагы билим берүү: Баалуулуктар жана келечектеги багыт” аттуу эл аралык конференцияда (КББА), 2010-ж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун демилгеси менен уюштурулган “Адамзаттын өнүгүүсүндө диндин орду” деген аталыштагы эл аралык илимий-практикалык конференцияда, 2011-ж. ОшМУнун, КББАнын демилгеси менен өткөн “Инновациялык билим берүү: абалы жана келечеги” IV симпозиумунда, 2013-ж. КРлык “Исламда илим жана билим” аттуу I илимий симпозиумда (И.Арабаев ат. КМУ, Ислам Университети),2014-ж. Бишкек шаарында өткөн “Ханафизм жана Кыргызстандагы азыркы учурда диний кырдаал” аттуу симпозиумунда (И.Арабаев ат. КМУ), 2016-ж. Москвада өткөн «Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии» аттуу XLIX эл аралык илимий-практикалык конференцияда, проблема боюнча баяндамалар, макалалар мугалимдердин август кеңешмелеринде талкууланды. Диссертациянын негизи, жоболору, жыйынтыктары “Адамзаттын рухий өнүгүүсүндө диний билимдин ролу” – деген аталыштагы китепте (2013) чагылдырылды. Изилдөөнүн жыйынтыгы жарыялоо аркылуу жүргүзүлдү. Бардыгы болуп 19 илимий иш, анын ичинде 5 мугалимдер үчүн

методикалык колдонмо чыкты. Изилдөө № 11 мектептин базасында, И.Арабаев ат. КМУнун теология бөлүмүндө 2-5-курстарда “Дин таанууну окутуунун методикасы”, “Диний педагогика” боюнча өз практикабызда эксперименттик сынакта тастыкталды. Сектага кирген окуучулар менен иш алып барууга, окуучуларды динге толеранттуулукка тарбиялоого карата (мугалимдерге) методикалык сунуштар жазылды. Сынакка 140 адам (71 окуучу, 48 сектант, 19 студент, 2 мугалим) катышты.

**Изилдөө иши үч этапта өткөрүлдү. Биринчи этабында** (1999-2006-жж.) педагогикалык, философиялык, психологиялык, адабияттарды анализдөө аркылуу окуучулардын интуициялык ой жүгүртүүсү жашоодо чечүүчү роль ойной тургандыгы, анын аң-сезимдин өнүгүшүнө түздөн-түз байланышы бар экендиги жөнүндө маалымат табылды. Интуицияны өнүктүрүү үчүн диний билимдин, тарбиянын ролу жөнүндө маалымат чогултулду.

**Экинчи этабында** (2007-2011-жж.) окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүүнүн педагогикалык, психологиялык, диний аспектилери изилденип, адептик аң-сезимди, жогорку аң-сезимди өнүктүрүүнүн, адептик-рухий тарбиянын диний жана илимий мазмуну, методдору салыштырылып, педагогика илиминин негизиндеги тарбиялык мазмундун, методдун кемтиктүү жери жөнүндө материалдар чогултулду.

**Үчүнчү этабында** (2012-2016-жж.) Дүйнөлүк билим берүү системасындагы диний билим берүү тажрыйбасы, мектептерде диний билим берүүнүн максаты, жалган маданий чөйрөлөрдүн окуучулардын аң-сезимине тийгизген таасири, диний билимсиз коомдордун, элдердин психикалык проблемалары, исламий, христиандык чөйрөлөрдүн баалуулуктары, илимий жана диний билим менен чектелген элдердин проблемалары боюнча статистикалык анализ жасалды. Өспүрүмдөргө терс таасирин тийгизип жаткан “диндердин” (секталардын) коркунучтуу жактары жөнүндө маалымат табылды. Илимий билим менен чектелген коомдордун рухий сыркоодон (баңгиликтен, аракечтиктен, сойкулуктан, кылмыштуулуктан ж.б.) кутула албастыгынын себеби жөнүндө материалдар чогултулду. Мектептер үчүн «Дин таануу» курсунун программасын иштеп чыктык.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 5 методикалык колдонмо, 14 макала жарык көрдү.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Изилдөө ишинин актуалдуулугун, изилдөө багытын камтыган киришүүдөн, үч бөлүмдөн, 189 пайдаланылган маалымат булактарынын тизмесинен, тиркемеден турат. Тиркемеден тышкаркы жалпы көлөмү – 167 бет.

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, проблемалуулугу, максаты, милдети, коргоого алып чыгуучу жоболору жазылды. Изилдөөчүнүн илимге кошкон салымы, изилдөөнүн апробацияланышы, изилдөө этаптары, жүрүшү тууралуу маалымат берилди.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациянын биринчи бөлүмү**: "**Дин таануу маданиятынын калыптанышы, ролу жөнүндө илимий-теориялык маселелер**" – деп аталып, дин таануу боюнча билим берүүгө арналган адабияттар талданып, төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды. Азыркы саясий, социалдык, экономикалык кризистин себеби элдин адептик-рухий кризиске келиши менен байланыштуу, – деп эсептеген окумуштуулар: Т.Б. Аскарова, Г. Алимова, П.М. Булатова-Захаричева, Р. Гайнудин, Б.С. Гершунский, Г.Д. Глейзер, М.К. Гюлчур, А.И. Ильин, Б.А. Козыко, Ф.Н. Козырев, В.С. Кукушин, С.Н. Лазарев,Т.Н. Любан, Н.Г. Лыкова, М.М. Манасеина, М.Ф. Муртазин, А. Некрасов, Н.Д. Никандров, О.Н. Топбаш, В.А. Турковский,А.М. Хазанов, Л.А. Харисова, Е.В. Чмелева ж.б., алар бул кризистен чыгуу үчүн мектептерге диний билимди киргизүүнүн зарылдыгын эмгектеринде белгилешүүдө. КРда бул идеяны Т.А. Абдырахманов, Т. Бакир уулу, А.К. Жумабаев, М.К. Иманкулов, Н.У. Курманова, К. Осмоналиев,А.С. Ормушев ж.б. эмгектеринде көтөрүүдө.

Адамзаттын өнүгүү тарыхында диний билимдин ролу жөнүндө ойлорду Н.Д. Никандровдун, О.Н. Топбаштын, Р. Стоундун ж.б. эмгектеринен кезиктирүүгө болот. КРда бул ойлорду Д. Абдылдаевдин, М.Арстанбектин, С. Базаркуловдун, И. Букарбайдын, Э.Ш. Бектуровдун, Э. Дуйшеновдун, А. Калмаматовдун, С. Мырзаибраимовдун, Б. Мурзараимовдун, Б. Нурдиновдун, К.Үтүровдун, Ө.Чотоновдун ж.б. макалаларынан кездештирүүгө болот.

Азыркы тарбиялык системада окуучулардын адептик-рухий тарбиясына өзгөчө көңүл бөлүү зарылчылыгын: Т.И. Власова, Г.Д. Глейзер, И.С. Колесова, А. Остапенко, Б.С. Суворов ж.б. педагогдор белгилеп жүрүшөт. Диндин маданияттагы орду, илим менен диндин өз ара байланышы жөнүндөгү маалыматтарды В.Л. Бачанинанын, В.И. Гараджинин, А.И. Клибанованын, Л.Н. Митрехинанын, И.Н. Яблокованын ж.б. эмгектеринен табууга болот. Диний билимди өздөштүрүү окуучулардын жалпы маданиятынын, гуманисттик көз карашынын калыптанышына оң таасири жөнүндө: Ю.С. Гурованын, И.А. Галицкийдин, М.Е. Калашникованын, Е.С. Королькованын, А.М. Леонованын, А.В. Митолягинанын, Т.В. Склярованын, А.Л. Соколованын, Т.Г. Человенконун, В.Л. Ширяеванын ж.б. эмгектеринде кездешет. Россияда революциядан мурдагы тажрыйбасын калыбына келтирүү жана азыркы мезгилдеги чет элдик диний билим берүү тажрыйбасын РФлык педагогикага киргизүү боюнча эмгектенген окумуштуулар: В.В. Зеньковский, С. Слободский (христиандык педагогика), Е.Шестун (православдык педагогика), А.Гармаев (чиркөөлүк педагогика), Л.А. Харисова, М.Ф. Муртазин (исламий педагогика). К.Д. Давлетин, С.Ю.

Дивногородцева, В.М. Филиппов ж.б. окумуштуулар салттуу динди (православиени) калыбына келтирүү, окуучулардын адептик-рухий тарбиясына оң таасирин тийгизери жөнүндө адептик-рухий тарбияга арналган конференцияларда белгилеп жүрүшөт.

Илимий билимдер адамды рационалдуу, логикалуу ой жүгүртүүгө, акылдуулукка үйрөтсө, диний билимадамдын аң-сезимин өнүктүрөт, чөйрө менен гармониялуу жашоого, акылмандуулукка тарбиялайт. Илим адамдын дене түзүлүшүн (анатомиясын, физиологиясын), жашоо мыйзамдарын үйрөтсө, дин таануу билими рухтун, дилдин купуя сырларын, өнүгүү мыйзамдарын үйрөтөт. Илим интеллектти өнүктүрөт, дин аң-сезимди негативдүү ойлордон тазалаганга жардам берет. Депрессиядан (кайгы, санаага баткан оорудан) айыктыруунун каражатынын бири – дин таануу билими. Нобель сыйлыгына ээ болгон адамдардын 99% илимий жана диний билимди өздөштүрүшкөн. Илимди жана дин таанууну өздөштүргөн адамдардын илимий-теориялык, логикалык жана интуитивдүү, рационалдык жана иррационалдуу ойлому дурус болот, позитивдүү ойлорду ойлогонго көңүл бурат, практикалык аракетке өзүн даярдайт, оптимисттик духка ээ болот, стресстен кутулат, аң-сезиминин өсүшүнө камкордук көрөт, өзүн бактылуу сезет.

“Дин таануу” предмети (курсу) деп жалпы билим берүүчү мектептерде диний маданияттын негизин, адеп-ахлак нормаларын түшүндүрүүгө, дүйнөлүк диндер жөнүндө кыскача маалымат берүүгө арналган предметти (курсту) аташат, б.а. дин таануу предмети дегенибиз – бүткүл дүйнөлүк диндердин, улуттук диний ишенимдердин негизин үйрөтүүгө арналган сабактар. “Дин таануу” предметинин изилдөө объектиси болуп – бардык диндер эсептелет. Дин таануу курсун (предметин) өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу илимий-методикалык багыттар: окутуунун мазмунун гуманитарлаштыруу, гумандаштыруу, билим берүү системасын интеграциялоо, элдик рухий мурастарга, улуттук дөөлөттөргө кайрылуу ж.б. Азыр дин таануу илими өз алдынча комплекстүү предмет аралык байланыштагы сабак, ал диндердин методологиялык принциптерин изилдейт, гуманитардык предметтердин парадигмасына, теориясына үндөш.

“Дин таануу” илими – жалпы адамзаттык, баалуулуктарды, этикалык системаны үйрөтүүчү илим, адистик, коомдун конфессиялык проблемаларын чечүүгө жардам бере турган багыт. Муну өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр экстремизмдин, этносепаратизмдин (элдердин бөлүнүүгө умтулушунун) себептерин, коомдун этнос аралык, конфессиялык абалын прогноздоого (илимий маалыматтарга таянып алдын ала айтууга), стратегиялык (жалпы максатка жетүү үчүн жол башчылык кылууга керектүү) ой жүгүртүүгө үйрөтөт. «Дин таануу» предмети балдарга дүйнөлүк диндер жөнүндө маалымат берет, анда диний (христиандык,

исламий, иудаисттик, буддисттик) адамдын жалпы мүнөздөмөсү сүрөттөлөт.

Дин таануу билимдери – бардык тарыхый доорлорду ичине камтыган, маданияттардын өнүгүшүнө, илимдерди изилдөөгө салымы бар, тарбиянын башка тармактарындай эле окуучунун аң-сезимине, рухий дүйнөсүнө таасири бар илимий билимдердин бири. Азыр дин таануу предмети дүйнө жүзүнүн көп өлкөлөрүндө мектептерге киргизилген.

Илимий-техникалык прогресске негизделген цивилизация канчалык ийгиликтүү алга жылган сайын, социалдык, психологиялык, экологиялык, дүйнө бузулуп, адамдын ички дүйнөсү деградацияланып, аң-сезимдүү аракеттенүүсү төмөндөп бара жаткандыгы диний билимди киргизүүгө арналган адабияттарда белгиленүүдө. Ошондуктан адамга чыныгы акыйкатты таануу жөндөмүн өнүктүрүүдө дин таануу илиминин маанисин түшүндүрүп, аң-сезимдүүлүгүн өстүрүү керек. Этиканын программасынын, китептеринин авторлору (Л.И. Бондаренко, В.Ю. Перов ж.б.) дүйнө коркунучтуу абалга жетсе да, адам акылына, аң-сезимдүүлүгүнө ишенишет.Диний билим берүүнүжактоочулар (Л.А. Харисова, И.В. Метлик ж.б.) адамдын акыл-эсинин, аң-сезимдүүлүгүнүн чектелүү экендигин моюнга алышат.

Ар бир элдин өзүнүн рухий баалуу мурастары болот. Республикада Батышты да, Чыгышты да тууpаган жаштар арбын. Канчалык үлгүлүү көрүнбөсүн башка элдин үлгүсүндө, done жашоого болбойт, – деп ырасташууда Э. Кулиев, В. Наумкин, М.Ф. Муртазин ж.б. Башка элдин рухий мурастарын, динин мурастаган эл, өз элинин мурасынан, традициясынан, дининен ажырайт. Андан ажыраган элдер маңкуртчулуктун илдетине чалдыгат. Ошондуктан бул бөлүмдө дүйнө элдери өзүнүн түпкү ишенимине (динине), рухий мурастарына кайрылып жаткандыгы көрсөтүлдү.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап кыргыз жарандарынын диний жана маданий баалуулуктарын кайрадан калыбына келтирүүгө аракети жандана баштагандыгы талашсыз. Мамлекет диний билим берүүнү көзөмөлдүккө албагандыктан, адамдар диндин маанисин терең түшүнбөгөндүктөн мыйзамсыз жолдор аркылуу үйрөнүшүп, ар кандай багыттарга барышууда. Айрым адамдар Батыштан келген иегова, баптист сыяктуу секталарга кирип, «динди» үйрөнүүгө аракет кылса, айрымдары Чыгыштын сабатсыз «дин» кызматкерлеринен үйрөнүп, ахмедия, бахаи, шия сыяктуу “диний” агымдарга кирип, мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч туудуруп жаткандыгын көрүүгө болот.

Азыр ОшМУда, И.Арабаев атындагы КМУда, Манас Кыргыз-Түрк университетинде, Б.Ельцин атындагы КРСУда, Арашан гуманитардык институтунда теология бөлүмү иштеп жатат. Ал бөлүмдөрдө студенттерге динди таанууга карата билим берилет. Окуучулар Сауд Аравиясынан,

Ливандан, Пакистандан, Иорданиядан, Индиядан ж.б. өлкөлөрдөн диний билими жок адамдардан далилсиз сектанттык маалыматтарды угуп, туура эмес көз карашы калыптанганга караганда, динди тааныган билимдүү адистердин (теологдордун) колунан билимди өздөштүрсө коомго да, мамлекетке да пайдалуу боло тургандыгы биринчи бөлүмдө белгиленди.

**Экинчи бөлүм**: **"Глобалдашуу шартында мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн максаты жана анын мазмуну"-** деп аталып, төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды. Диндеги негизги тема – адам, анын ыймандык (рухий) тарбиясы, аң-сезимин өнүктүрүү, тартипке чакыруу, дилдин соолугу жөнүндө камкордук көрүү. Акыл-эсти гана өнүктүрүүгө умтулуу, диний билимди жерий берүү, таанымдын рухий жолун торойт. Рухий жактан түшүндүрүлбөгөн илимдин өзү адам үчүн коркунучтуу экендигин түшүнгөн окумуштуулар мектептерде диний билим берүүнүн жолдорун негиздешүүдө. Алар илимий жол менен түшүнүүгө мүмкүн болбогон нерсени илим менен динди чогуу өздөштүргөн аң-сезим аркылуу түшүнсө боло тургандыгына басым жасашат. Анда сынчыл акыл-эс менен жаңы көз караш биригип, адамзаттын мындан ары өнүгүшүнө өбөлгө түзүлөт. Жардылык, жокчулук, ар кандай проблемалар – туура эмес ой жүгүртүүнүн акыркы звеносу, биринчи звеносу – рухий жардылык, ички өнүгүүнүн жетишсиздигинен келип чыгат. Бардарчылыкка жетүү үчүн дагы рухий мурастарга кайрылуу зарыл.

Дин таануу сабагында окуучунун рухий аракети метафизикалык мыйзамдарга негизделет, метафизикалык мыйзамдын гравитациялык (физикалык) мыйзамдан айырмасы кээде байкалып, кээде байкалбагандыгы жөнүндө бул бөлүмдө жазылды. Ошондуктан адамдын рухий аракетин айрым адамдар түшүнүп, айрымдары түшүнө алышпайт. Дин таанууну өздөштүргөндөр анча байкалбаган окуучулар болушат, рухий өнүгүүгө аракеттенишет, чыгармачыл, кыраакы, конструктивдүү болушат. Рухий өнүгүү жолуна түшкөн окуучулар өзгөчө милдет аткарып жаткандыгын жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан өз кызыкчылыгын ойлобой, эл кызыкчылыгын жогору тутушуп, коомдун кызыкчылыгы үчүн аракеттенишет. "Окуучулардын рухий мүдөөлөрүн иш жүзүнө ашырууга демилге берген мугалим бактылуу. Инсанга багытталган гумандуу педагогиканын маңызы ушунда», – дейт Н.Н. Моисеев.

Мектептерде дин таануу билимин берүүнүн негизги максаттары, милдеттери – глобалдык, рухий кризистен (баңгиликтен, аракечтиктен, кылмыштуулуктан, сойкулуктан ж.б.) кутулуу, психикалык проблемалардан арылуу, рухий өнүгүүгө жол ачуу, окуучулардын диний сабатсыздыгын жоюу, ыймандуулукка тарбиялоо, маданий деңгээлин көтөрүү, диндер жөнүндө маалымат берүү, көрүнгөн псевдомаданий коомдорго, (оккультизмге, сыйкырга, экстремисттерге ж.б.), сектанттарга

алданбай жашоого, туура ой жүгүртүүгө үйрөтүү, балдарды деструктивдик, экстремисттик, террористтик коомдорго кирип кетишин алдын ала тыюу болуп эсептелет. Терроризмге, экстремизмге жана радикализге каршы күрөшүүнүн туура жолу – окуучулардын дин таануу боюнча маалымдуулугун камсыз кылуу. Диний тарбия-таалимдин мазмуну, максаты, усулдары, илимий тарбиянын мазмунунан, максатынан, усулдарынан айырмаланат, экинчи бөлүмдү дин таануунун негизиндеги таалим-тарбиянын мазмуну, максаты, дин таануу билиминин мааниси түзүп турат.

Окуучулардын аң-сезиминин өнүгүшүндө мектептин, илимдин, адабияттын, искусствонун, саясаттын, коомдун ж.б. ролу “Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялык аспектилери” – деген аталыштагы биздин методикалык колдонмодо жазылган, диссертацияда “Дин таануу” курсунун ролу гана жазылды.

Адамзаттын өнүгүү тарыхында коомдук (экономикалык) формациянын алмашуусу көбүнчө элдин аң-сезиминин өсүшүнөн, рухий жактан өнүгүүсүнөн көз каранды болот. Ар бир адамдын аң-сезиминин өнүгүшүнө жараша коом өнүгөт. Жер шарында болуп жаткан процесстердин кыймылдаткыч күчү көбүнчө элдин аң-сезими, рухий мүдөөлөрү аркылуу ишке ашууда. Турмуштагы элдин бардык тарткан азабы адамзаттын аң-сезиминин пастыгы менен байланыштуу. Гармониялуу өнүгүү аң-сезимдин бардык деңгээлинде активдүү аракеттенгенде “жеке жана коомдук эго” толук аракетин токтотко ндо гана ишке ашат, ал адам динди таанып жаткан маалда гана токтой тургандыгы А.Нотиндин эмгектерине шилтеме жасоо аркылуу бул бөлүмдө көрсөтүлдү.

“Дин инсандын рухий өнүгүүсүндөгү өзөктүү фактор, ага башка факторлор (илим, искусство, саясат ж.б.) да таасир этет. Ишенимге негизделген дин – мезгилдин диктаты эмес, анткени диндеги негизги компонент – адамзаттын рухий өнүгүү жолуна түшкөн бөлүгүн сүйүү. Жалпы диндеги негизги компонент (адамзатты сүйүү) болбосо, адамдар менен мамиле түзүүдө диндеги эрежелер карманбаса, жалгыз ишеним элдин рухий жашоосун ыймансыздыктан сактап кала албайт. Дин – ишенимге негизделген идеал-үлгү, идеал-символ катары мисалдарды суммалаган тарбиялоочу фактор” экендигин белгилүү этнопедагог Г.Н. Волков жазган.

Азыркы элдин динге мамилесинин өзгөрүшүнүн себеби статистикалык анализ аркылуу экинчи бөлүмдө жазылды. Диний билимсиз элдердин жана илимге жеткиликтүү маани бербеген элдердин (мусулмандардын) проблемалары анализденди. Мектептерде дин таануу предметин киргизүү – дүйнөлүк жаңы тенденция. Б.С. Гершунский, М.Ф. Муртазин ж.б. окумуштуулар: “Бул кылымда ислам дүйнөсүнүн өнүгүүсү

күтүлөт. Биздин континентте кайсы типтеги ислам басымдуу болушунан жакынкы мезгилдеги адамзаттын тагдыры көз каранды”, – деп ырасташууда. Биздин өлкөгө өнүгүүнүн астындагы коомго кошулуусу, адашуунун астындагы же жок болуп кетүү коркунучунун астында турган коомго кошулууга караганда пайдалуу экендигин билгени дурус. Экинчи бөлүмдө мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн себептери, максаты жана мазмуну жазылды, калган бөлүгү программада (тиркемеде) берилди.

КМШнын билим берүү практикасында мектептерде диний символдорду колдонууга, бир динди пропагандалоого уруксат берилбей тургандыгы белгилүү. Жыйынтыктоодо: “Ыксыз чектен чыгуунун, “диний” фанатизмдин кереги жок, ал зыяндуу нерсе, “диний” фанатизмден азап тартып жаткан элдер аз эмес, андай азаптын кыргызстандыктарга такыр кереги жок, дин таануу билими илимдерге каршы нерсе эмес, ал – башка илимдердин өнүгүшүнө өбөлгө боло турган гуманитардык илимдердин (философия, педагогика, психология ж.б.) катарындагы илимдердин бири”, – деген тыянак чыгарылды.

**Үчүнчү бөлүм**:“**Окуучуларга дин таануу боюнча билим берүүнүн илимий-методикалык негиздери**” – деп аталып, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде диний билим берүүнүн ар кандай варианттары, формалары, тажрыйбалары жөнүндө жазылды. Диний билим берүүгө арналган предметтин (курстун) исламий, христиандык варианттары, дин таануунун негизиндеги таалим-тарбияга арналган программанын билим берүүчүлүк милдеттери, аны окуткан мугалимге коюлуучу талаптар, окутуунун усулдары, дин таануу курсун бүтүргөн окуучунун билими, билгичтиги, көндүмү, окуучуга коюлуучу талаптар, ошондой эле аны окутуудагы жана тарбиялоодогу дидактиканын принциптери жазылды.

Дин таануу курсун (предметин) окутуунун төмөнкү усулдары сунуш этилет:

– түшүндүрүү, суроо-жооп, ойду бир объектке концентрациялоо;

– чакан аңгеме, икая айтуу,чыгарманын сюжетин баяндоо;

– тема боюнча суроолорду талкуулоо;

– материалды бышыктоо максатында маектешүү;

– окуучулардын изденүү аракетине түрткү болуучу жолдомо тапшырма берүү;

– кыскартылган сабак, өз алдынча иш уюштуруу;

– иллюстрациялуу лекция окуу;

–текст окуу, аудио, видео тасманы угуу, көрүү, адептик-рухий маселелерге тиешеси бар маалымат таап келүүгө тапшырма берүү, аны талкуулоо;

– диний акындардын поэтикалык, жазуучулардын прозалык тексттерин окуу, сюжетин баяндоо, анализдөө;

– текст менен иштөө, түгөй менен иштөө, изилдөө иштерин жүргүзүү;
– доклад, реферат, дил баянын жазуу;
– ата-энелердин, теологиялык билимдүү адамдардын суроолору аркылуу баланын өсүшүн аныктоо;
– өзүн өзү баалоо, бири-бирин баалоо ж.б.
– 9-11-класстарда (жалпы билим берүүчү мектептерде, дин таануу курсу боюнча билим берген мугалим) бир жылда бир жолу реферат жаздырууга тапшырма берсе болот.

Дин таанууда насаат айтуу методу кенен колдонулат, мында билимди айрымдары аңдоо деңгээлинде өздөштүрүшү мүмкүн. Азыр практикада программаланган дистанциялык окутуу формасы да бар. Ал төрт баскычтан турат: репродуктивдүү этап, (базалык түшүнүк, сөздөр, тарыхый материалдар берилет), алгоритмдик этап (окутуучу билим алуунун алгоритмин айтат), эвристикалык этап (билимин текшерүү), креативдүү этап (дил баяны, эссе, реферат, тапшырма аткаруу).

Дин таануу курсун окутууда диндин негизине, эрежелерине, жоболоруна, сыйынууга анча көңүл бөлбөй, диндин педагогикалык потенциалын ачууга, окутуунун методикалык жагына, оптималдуу жолду издөөгө көңүл бөлүү керек. Мугалим диний көз карашты таңуулабай, нейтралдуулук (бир тарапка кошулбоо) принцибин сактоо – максатка ылайык. Дүйнөлүк практикада дин таануу курсунун (предметинин) мазмуну теолог адистердин сынагында жактырылышы керек, методикалык бөлүгү Кыргыз билим берүү академиянын Окумуштуулар кеңешинде бекитилиши керек. Методдор курстун (предметтин) мазмунуна, логикасына жараша тандалат.

Дин таанууда катехизистик (үйрөтүү) метод деп аталган усул бар. Мугалим суроо коюп, жообун өзү айтуу менен окуучуларды кайталатуу методун катехизистик усул деп аташат. Кийинки сабакта мугалим суроо берет, окуучулар эстеп калган тексти айтышат. Мында диний этиканы, элементардык маалыматтарды окуучулар эсине сактап калышат. Концентрациялоо методу деп – өткөн материалга окуучулардын көңүлүн буруп, андан кийинки (татаал) материалды өздөштүрүүгө жардам берүү усулун аташат. Бул усул класстык сабак системасында кенен колдонулуп жүрөт. Эвристикалык усул окуучулардын логикалык ойломун өнүктүрүүгө колдонулат.

Окуучуну чукугандай сөз табууга үйрөтүү үчүн мугалимдер (теолог) акындык айтыш уюштурушат. Мугалим ырдын биринчи сабын (белгилүү ойду) жазат. Кийинки сабын же 3-4-сабын окуучу табат. Айрым шакирттер (окуучулар) төрт сап ыр менен чектелбей биит (ыр түрүндө сюжет), мунаджат (чыгыш адабиятында лирикалык эпикалык чыгарма, фольклор) жазышат. Окуучулар арасындагы интеллектуалдык мелдешти моназар усулу дешет. Мугалимдер кошуна мектеп менен талкуу формасында интеллектуалдык

мелдеш (моназар) уюштурушат. Ал сынчыл ойломду, чечендик чеберчиликти өнүктүрүүгө, өз көз карашын аргументтөөгө үйрөтүүгө арналат. Кейс-методу деп – ар кандай сценарий түзүп, окуяга ылайык маселенин чечилишин окуучуга табууга сунуштоону аташат. КББАнын окумуштууларынын кеңеши (сунушу) боюнча азырынча традициялуу методдор менен чектелүү максатка ылайык, болбосо, "Ыйман" сабагынын тагдырын кайталап калуу коркунучу бар.

Окуучулардын өзүнө ишенимдүүлүгүн жогорулатууга, агрессивдүүлүгүн төмөндөтүүгө, терс жүрүм-турумун (ичкилик, тамеки, рэкет) жана адеп-ахлагын оңдоого, интуициясын өнүктүрүүгө (биз түзгөн) программанын өбөлгө боло тургандыгын аныктоо максатында жүргүзүлгөн эксперименттик сынак бул бөлүмдө кыскача баяндалды. Сектага кирген окуучулар менен иш жүргүзүү усулун аныктоо максатында К.Жантөшев көчөсүндөгү №69 дарегинде жайгашкан тикмечилик, тамак-аш даярдоо боюнча кесиптик билим берип жаткан менчик окуу жайынын сектага кирген 48 окуучуларга бир жыл сабак бердик. Дин таануу сабагынын мазмуну туура тандалгандыгын, дин таануу предметинин милдеттүү минимуму программада камтылгандыгын аныктоо максатында сынактын башында жана аягында окуучулар арасында атайын тесттер алынып, анализ жүргүзүлдү.

"Дин таануу" курсун өздөштүргөн окуучулардын турмушка мамилеси өзгөргөндүгү бул бөлүмдө белгиленди. Эксперименттик сынакта: адамдын рухий дүйнөсүнүн (рух, дил, напси) табигатын билбестик – адамдын билимсиздиги экендиги айкындалды. Мындай билимсиздиктин натыйжасында адамдар диний суррогаттарды (секталарды), пайдасыз коомдук кыймылдарды (хиппи, панкт ж.б.), илимге негизделбеген идеологияларды (ИГИЛ, Хизбут Тахрир, Исламское движение Узбекистанаж.б.) түзүп, өздөштүрүшөт, – деген тыянакты окуучулар өздөрү чыгарышты.

**1-таблица. – Эксперименттин жыйынтыгы**

| Тарбиясы начарлар, тартиптүүлөр | Сынактын башындагы саны | Пайызы | Сынактын аягындагы саны | Пайызы |
|---|---|---|---|---|
| Дин таанууну окугандар | 71окуучу<br>19 студент | 100%<br>100% | 71окуучу<br>16 студент | 100%<br>100% |
| Ичкилик ичип көргөндөр | 39 окуучу<br>2 студент | 54,9%<br>10,5% | 38 окуучу<br>0 | 53,5%<br>0 |
| Тамеки тартып көргөндөр | 38 окуучу<br>1 студент | 53,5%<br>5,2% | 37 окуучу<br>0 | 52,1%<br>0 |
| Рэкет (карактоо) | 40 окуучу<br>0 студент | 56,3%<br>0 | 37 окуучу<br>0 | 52,1%<br>0 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Агрессиясы жогорулар | 43 окуучу<br>0 студент | 60,5%<br>0 | 39 окуучу<br>0 | 54,9%<br>0 |
| Ичкилик ичпегендер<br>Тамеки тартпагандар<br>Рэкетке катышпагандар<br>Агрессиясы нормадагылар | 32 окуучу<br>17 студент<br>33 окуучу<br>18 студент<br>31 окуучу<br>19 студент<br>28 окуучу<br>19 студент | 45,1%<br>89, 4%<br>46,5%<br>94,8%<br>43,7%<br>100%<br>39,5%<br>100% | 33 окуучу<br>16 студент<br>34 окуучу<br>16 студент<br>34 окуучу<br>16 студент<br>32 окуучу<br>16 студент | 46,4%<br>100%<br>47,9%<br>100%<br>47,9%<br>100%<br>45,1%<br>100% |
| Көзөмөлдөөчү класс<br>Ичкилик ичип көргөндөр<br>Тамеки тартып көргөндөр<br>Рэкет (карактоо)<br>Агрессиясы нормадан жогорулап кеткендер | 36 окуучу<br>16 окуучу<br>19 окуучу<br>20 окуучу<br>18 окуучу | 100%<br>44,4%<br>52,8%<br>55,6%<br>50% | 36 окуучу<br>19 окуучу<br>22 окуучу<br>26 окуучу<br>19 окуучу | 100%<br>52,8%<br>61,1%<br>72,2%<br>52,7% |
| Ичкилик ичпегендер<br>Тамеки тартпагандар<br>Рэкетке катышпагандар<br>Агрессиясы нормадагылар | 20 окуучу<br>17 окуучу<br>16 окуучу<br>18 окуучу | 55,6%<br>47,2%<br>44,4%<br>50% | 17 окуучу<br>14 окуучу<br>10 окуучу<br>17 окуучу | 47,2%<br>38,9%<br>27,8%<br>47,2% |

Сыныктын башында (дин таануу курсун окуган) “үлгүлүү” окуучулар – 28, “канааттандырарлык” – деп баалангандар – 43 болсо, аягында “үлгүлүүлөр” – 35, “канааттандырарлык” – деп баалангандар – 36 болду. Ал эми көзөмөлдөнүүчү класста сынактын башында “үлгүлүү” окуучулар – 15, “канааттандырарлык” - деп баалангандар – 21, аягында “үлгүлүүлөр” – 13, “канаатандырарлык” – деп баалангандар – 23 болду. Сынактын башында 19 студенттин 12 экстраверт, 2 экөөнө тең кошулбаган, 5 интроверт чыкса, аягында 17 интроверт, 2 экстраверт чыкты. Сынактын башында 71 окуучулардын 60 экстраверт, 5 экөөнө тең кошулбаган, 6 интроверт чыкса, аягында 58 экстраверт, 2 экөөнө тең кошулбаган, 11 интроверт чыкты. Демек, дин таануу предметинин милдеттүү минимуму биз түзгөн программада камтылган экен деген жыйынтык чыгардык.

## Жалпы корутунду жана сунуштар

Дин таануу билимине арналган философиялык, педагогикалык, психологиялык адабияттарды талдоонун натыйжасында төмөнкүдөй корутунду чыгардык.

1. Улуу Октябрь Социалисттик Революцияга чейинки билим берүү системасы окуучуларды үч багыт боюнча өнүктүрүп келген: Акыл тарбиясы (өзүн жана курчаган дүйнөнү таанытып билдирүү, илимдердин негизин өздөштүрүүгө жардам берүү), адептик тарбия (өзүн өзү башкарууга үйрөтүү, азыркы класс жетекчинин, тарбия завучунун иши), диний тарбия (динди таанытуу, окуучулардын аң-сезимин агартуу). Тарбиянын үчүнчү багыты азыр – педагогика илими унутуп бараткан нерсе болгондуктан, ал багыт боюнча иш жетишерлик деңгээлде жүргүзүлбөй калган. Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде диний таалим-тарбия берүү тажрыйбасына арналган адабияттарды анализдөө аркылуу ошол жоготулган звенонун ролу, аны калыбына келтирүүнүн зарылдыгы тастыкталды, о.э. элдин социалдык, рухий (ыймандык), глобалдык ж.б. кризистен чыгып кетүүнүн натыйжалуу жолу катары диний билимдин негиздери, дин таануу (же ага аналогиялуу) предмети (курстар) таанылып, аны киргизип жаткандыгы айкындалды.

2. Кыргыз Республикасында мектептерде дин таануу билимин киргизүүгө элдин мамилесин аныктоо үчүн 3600 адамга социологиялык сурамжылоо жүргүзүлдү. Мектептерде дин таануу билимин киргизүүгө макулдар – 65,3%, каршылары – 21,4%, калыстары – 13,3% түзөт.

3. Дин таануу билимин мектептерге киргизүүнүн себептери, максаттары такталды, себептери төмөнкүлөр: окуучулардын арасында адабий лексикадагы айрым сөздөрдүн маанисин, тарыхты, мурдагы доордогу адамдардын ойломун түшүнө албаган балдар көбөйдү, окуучулардын позитивдүү ойломуна караганда негативдүү ойлому үстөмдүк кылып, депрессияга келген балдар көбөйдү, иррационалдуу ойломдон рационалдуу ойлому үстөмдүк кылып, үй-бүлөнү сактай албаган жаштар көбөйдү, диний билимдин жетишсиздиги көп проблемаларды пайда кылды, адептик-рухий кризистин масштабы кеңейди, дүйнө жүзүндө глобалдык проблемалар пайда болду, өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук өстү, өспүрүмдөрдүн сектага кирүүсүнүн натыйжасында үй-бүлөдө чыр-чатак чыгып жатат, суицид актыларын токтотуу кыйын болуп калды.

Мектептерде дин таануу боюнча билим берүүнүн максаты – глобалдык, рухий кризистен (баңгиликтен, аракечтиктен, кылмыштуулуктан, сойкулуктан ж.б.) кутулуу, психикалык проблемалардан арылуу, балдарды деструктивдик, экстремисттик коомдорго кирип кетишин алдын ала тыюу, билимсиз балдарды террористтик коомдорго кирип кетүүсүнөн коргоо. Ошондой эле XXI кылымдын башында кайрадан тамырланып келе жаткан псевдомаданий

окуулардын (оккультизм, экстрасенсорика, сыйкыр ж.б.) таасиринен окуучулардын аң-сезимин коргоо, ыймандуулукка тарбиялоо, кругозорун кеңейтүү, маданий деңгээлин көтөрүү. Педагогикада напси тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөйт. Тарбиянын максаты толук эмес болсо, мазмуну толук болбойт, анда бүтүрүүчүлөрдүн алдына койгон максатынын кемчилиги болот, б.а. алар улуу максаттарды алдына коё албайт, анда улуу инсан чыкпайт, андай элдин кризиси көп, келечеги кең эмес болот.

4. Дин таануу билимин берүүгө арналган курстун мазмунунун исламий, христиандык варианттары жазылды, калган бөлүгү программада (тиркемеде) берилди. Жалпы билим берүүчү мектептердин 8-11-класстар үчүн сынак программасы, дин таануу курсун окутуунун КРда колдонууга сунушталган усулдары иштелип чыкты. Аны окуткан мугалимге коюлуучу талаптар, дин таануу курсун бүтүргөн окуучунун билими, билгичтиги, көндүмү, окуучуга коюлуучу талаптар жазылды. Изилдөөнүн негизинде: терроризмге, экстремизмге, радикализге, секталарга жана илимге негизделбеген идеологиялык системаларга (ИГИЛ, Хизбут Тахрир, Исламское движение Узбекистана ж.б.) каршы күрөшүүнүн туура жолу – динди тааныттуу, – деген жыйынтык чыгарылды.

## Практикалык сунуштар

ББжИМге, ЖОЖдорго, РОНОго, мектеп администрациясына берилүүчү сунуштар:

1. Ар бир элдин башкалардан айырмаланган ойлому, этикасы болот. Кыргыз элинин да өзгөчө менталитети, этикасы бар. Секталык идеологиялар кыргыз элинин этнопедагогикасына, рухий тарбиясына туура келбейт. Ошондуктан мектептердин (администациянын, мугалимдердин) секталар менен кызматташуусуна жол берилбеши керек.

2. Мектепте диний билим берүүнүн коммерциялык максаты болбойт. Батыштан, Чыгыштан келген секталык фонддор менен билим берүү системасынын кызматашуусу зыяндуу.

3. "Дин таануу" (же ага аналогиялуу) курсту (предметти) окутууну (окууну) каалабаган мектептер, мугалимдер, (окуучулар) мажбурланбаш керек. Бүтүрүүчүлөрдүн ыймандык (рухий) өсүшүн камсыз кылуу үчүн, дин таануу курсунун программасын, диний окуулардын негизин өздөштүргөн, дүйнөлүк практикада диний билим берүүнүн мазмунун билген, теология (дин таануу) боюнча атайы даярдыгы бар адис түзүшү керек. Динди таанууга арналган курстун программасынын мазмуну, методикалык жагы динди таануучу (теология бөлүмүнүн) окутуучулардын (окумуштуу-педагогдордун) сынагынан өтүүсү керек. Ал программа КРда ЖОЖдордо теология бөлүмүндө иштеген адистердин талкуусунда жактырылгандан кийин КРнын ББжИМде бекитилиши керек. Бардык

этапта жактырылган программанын негизинде мектептерде билим берүү жана тарбиялоо максатка ылайык.

4. Динди таанууга арналган программаны, окуу китепти, колдонмону дин таануу (теология) боюнча билими, атайы даярдыгы жок педагогдордун түзүшү жана окутушу зыяндуу. Андай билим берүү балдардын аң-сезимине туура эмес маалыматтарды таңуулайт, өлкөдө этносепаратизмдин, конфессия аралык бөлүнүүнүн негизинде конфронтациянын масштабын кеңейтет. Ошондуктан динди таанымбаган педагогдор диний билим берүү маселесине кийлигишпегени дурус. Республикада ислам менен христиан дининен башка динди тутунган жарандар аз (1% ке жетпейт) болгондуктан, ЖОЖдордо ушу эки динге негизделген диний билим берилип жатат, бизге ушу эки динге негизделген дин таануу жетиштүү.

5. Динди теологиялык позициядан таанымгысы келбеген, философиялык, культурологиялык позициядан тааныгысы келген окуучуларга "дин маданиятынын тарыхы" сунушталат. Аны ЖОЖдордо диндин тарыхын өздөштүргөн педагогдор окутушат. Анын программасына, колдонмолоруна, окутуусуна, теолог (динди таануучу) адистер кийлигишпейт. Бул эки курс бири-бирин өз ара толуктоочу вариант болуп эсептелет.

6. "Дин таануу" же "дин маданиятынын тарыхы" курсун окугусу келген окуучулардын ата-энелеринин арыздары чогултулат. "Дин таануу" курсун окутууну каалаган, динди тааныган мугалимдер (М.Кашгари ат.Чыгыш университетинин, БГУнун, КГУСТАнын араб тилин өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр) теология бөлүмүндө атайын курстан өткөрүлүп, дипломундагы айрым айырмачылыгы боюнча зачет, экзамендерин тапшырып, теология бөлүмүнүн окутуучуларынын сынагында аттестацияланат, бул окуучулардын аң-сезимин сектанттык (экстремисттик, деструктивдүү, радикалдык ж.б.) коомдордун таасиринен коргоо максатында жүргүзүлөт.

7. Райондук билим берүү бөлүмдөрүндө рухий (маданий) борборлор ачылып, педагогдор, медиктер, психологдор диний (теолог) адистер биргелешип, өспүрүмдөргө ар кандай тоталитардык секталардын зыяндуулугун түшүндүрүү максатында атайын курс уюштуруп, конференцияларды, семинарларды өткөрсө болот. Ошондой эле окуучулардын социализациясына, проблемаларын чечүүгө жардам берүү максатка ылайык.

Мугалимдерге берилүүчү сунуштар:

1. Сектага кирген окуучуларга толеранттуу мамиле түзүү керек.
2. Адамзаттын өнүгүү тарыхында дин таануу билиминин маанисин, диний окуялардын, майрамдардын маанисин өспүрүмдөргө түшүндүрүүгө болот, бирок пропагандага жол берүүгө болбойт.

3. Билим берүүчүлүк мааниси бар болгон учурда гана (оң-терс жагын ачуу үчүн) диний, сектанттык китептерди пайдаланууга болот, бирок класстан тышкаркы иштерде концерттик программада кришнаиттик, шииттик ж.б. секталык китепти колдонуу, музыка коюу максатка ылайыксыз.

4. Пайгамбарлардын турмушу, аракети жөнүндөгү, диний сюжеттеги пьесалар жалпы билим берүүчү мектептерге ылайыксыз.

5. Окуу программасы менен тыгыз байланышта болгон учурда (пайдазыянын түшүндүрүү үчүн) диний атрибутиканы, символдорду, маданий мурастарды көргөзмө курал катары пайдаланууга болот.

6. Жалпы билим берүүчү мектептердеги дин менен байланышкан тематикалар жалпы мыйзамга каршы болбошу зарыл, ошондой эле ыйманыбызга доо кетирбешибиз керек.

7. Адабият, тарых ж.б. гуманитардык предметтерди дин таануу курсу менен интеграциялап, сабак өткөрүүгө, класстан тышкаркы иш-чараларды уюштурууга болот.

8. Музыка сабагын диний музыка менен комбинациялоого, сүрөт сабагын диний живопись менен комбинациялоого болот.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде чагылдырылды.**

**Методикалык колдонмолор:**

1. Джумабаева, Г.А. Математика боюнча класстан тышкаркы иштерде окуучулардын чыгармачыл жөндөмүн калыптандыруу: методикалык колдонмо. – Б.: Бийиктик, 2007. – II бөлүк. – Көлөмү 17,25 б.т.

2. Джумабаева, Г.А. Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялык аспектилери: методикалык колдонмо. – Б.: Гүлчынар –2009. – Көлөмү 15,25 б.т.

3. Джумабаева, Г.А. Окуучуларды динге толеранттуу болууга тарбиялоо: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б., 2007. – Көлөмү 18б.

4. Джумабаева, Г.А. Тарбиялык иштерди уюштуруу: класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: Гүлчынар. – 2011. – Көлөмү 11б.т.

5. Джумабаева, Г.А. Адамзаттын рухий өнүгүүсүндө диний билимдин ролу: окутуучулар, ата-энелер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: Гүлчынар, – 2013. – Көлөмү 14,125 б. т.

**Макалалар:**

1. Джумабаева, Г.А. Математика боюнча класстан тышкаркы иштерде окуучулардын илимий көз карашын калыптандыруу мугалимдердин философиялык билимине байланыштуу. Окутуу жана тарбиялоо маселелери.– 6-чыгарылышы. [Текст] / Г.А. Джумабаева // – Б., – 2002. – 59-72-бб.

2. Джумабаева, Г.А. Окуучулардын аң-сезимин псевдомаданий чөйрөлөрдүн таасиринен кантип коргойбуз? [Текст] / Г.А. Джумабаева // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы – 2011. – №1. – 48-52-бб.

3. Джумабаева, Г.А. Оптимисттик көз карашты калыптандыруунун мааниси [Текст] / Г.А. Джумабаева // КББАнын Кабарлары – 2010. – №3(15). – 106-110-бб.
4. Джумабаева, Г.А. Агрессивдүү өспүрүмдөр менен иш жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү [Текст] / Г.А. Джумабаева // КББАнын Кабарлары. – 2011. – №2 (18) – 103-109-бб.
5. Джумабаева, Г.А. Окуучуларга кумардануунун зыяндуулугун жана андан кутулуунун жолдорун түшүндүрүү [Текст] / Г.А. Джумабаева // "Инновациялык билим берүү: абалы жана келечеги" IVсимпозиумдун материалдарынын жыйнагы. – Б., 2012.– 145-148-бб.
6. Джумабаева, Г.А. Дин таануу предметинин мазмунун калыптандыруу [Текст] / Г.А. Джумабаева // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. – 2011. – №1. – 45-50-бб.
7. Джумабаева, Г.А. Сектага кирген окуучулар менен иштөөгө карата методикалык сунуштар [Текст] / Г.А. Джумабаева // КББАнын Кабарлары. – 2012. – №1 (21) – 106-111-бб.
8. Джумабаева, Г.А. Илимий жана диний тарбиянын максаты [Текст] / Г.А. Джумабаева // КББАнын Кабарлары. – 2012. – №3(23). – 64-69-бб.
9. Джумабаева, Г.А. Аң-сезимди өнүктүрүүдө диндин ролу [Текст] / Г.А. Джумабаева // Исламда илим жана билим. КРдагы I илимий симпозиумдун жыйнагы. – Б., 2013. – 88-92-бб.
10. Джумабаева, Г.А. Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбияда аялзатынын ролу [Текст] / Г.А. Джумабаева // КББАнын Кабарлары. –2013. – №1 (25). – 47-52-бб.
11. Джумабаева, Г.А. Жаш муундарды тарбиялоодогу психологиялык көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору [Текст] / Г.А. Джумабаева // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. "Ханафизм жана Кыргызстандагы азыркы учурда диний кырдаал" аттуу симпозиумдун жыйнагы. – Б., – 2014. – 58-62-бб.
12.Джумабаева, Г. А. К вопросу о цели воспитания в педагогической истории [Текст] / Г.А. Джумабаева // Вестник КНУ им. Абая. – 2015. – №2 (46). – С. 218-222.
13.Джумабаева, Г.А. Влияние сквернословия на жизнедеятельность человека и о необходимости введения предмета религиоведения [Текст] / Г.А. Джумабаева // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии – № 4(49). – Часть 1. – М.: Интернаука, 2016. – С. 61-68.
14. Джумабаева, Г. А. Элди маданий деградациядан токтотууга карата ой толгоо [Текст] / Г.А. Джумабаева // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии. – № 4(49). – Часть 2. – М. Интернаука. – 2016. – С. 139-148.

**Джумабаева Гүлайым Абдысаматовнанын "Дин таануу билиминин мазмунунун калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.01– жалпы педагогика, педагогиканын теориясы жана тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражасына изденүү үчүн жазылган диссертацияга**


## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр**: илимий, диний этика, мазмун, максат, адептик-рухий, дил, усул, секта, ыйман, рационалдуу-логикалуу, иррационалдуу-интуициялык ой жүгүртүү, акылмандуулук.

**Изилдөөнүн максаты:** башка мамлекеттердеги мектептерде диний таалим-тарбиянын тажрыйбаларын үйрөнүү менен Кыргызстандагы мектептерде "Дин таануу" курсун киргизүүнүн жолдорун жана мазмунун аныктоо.

**Изилдөөнүн обьекти:** КРнын шартында дин таануу курсунун окуу предмети катары калыптануу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** КРнын орто мектептеринде окутулуучу "Дин таануу" билиминин мазмуну, илимий-методикалык негиздери.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык анализ жана жалпылоо, байкоо жүргүзүү, пикир алышуу, социологиялык сурамжылоо, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн ролу аныкталып, анын зарылдыгы теориялык жактан негизделди; дин таануу билиминин мектепке киргизүүнүн себептери, максаттары такталды; дин таануу курсунун 8-11-класстарда окутулуучу программасы (мазмуну) иштелип чыкты; мектептерде дин таануунун негизинде таалим-тарбиянын усулдары, формалары, мугалимге, окуучуга коюлган талаптар аныкталды.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси.**

Дин таануу курсунун даярдалган программасынын вариантын азыркы шартта тандоо боюнча окутулуучу курстун программасы катары колдонууга болот. Сектага, экстремисттик коомдорго кирген, жалган маданий окууларга кызыккан окуучулардын кыйынчылыктары аныкталып, ага жараша иштелип чыккан тарбиялоо усулдарын, мугалимдер үчүн методикалык сунуштарды, изилдөөнүн негизинде табылган теориялык материалдарды жогорку окуу жайлардын теология бөлүмүндө педагогдорго окуу процессинде пайдаланууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**на диссертации Джумабаевой Гулайым Абдысаматовны на тему: “Научно-методические основы формирования содержания религиоведческого образования” на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01. – общая педагогика, история и теория педагогики.**

**Ключевые слова:** научная, религиозная этика, цель, духовно-нравственное содержание, психика, методика, секта, псевдокультурный, рационально-логический, иррационально-интуитивное мышление, мудрость.

**Цель исследования:** Изучение практики школьного религиоведческого образования и воспитания других государств, определение содержания курса “Религиоведение”, способы введения этого курса в условиях КР.

**Объект исследования:** Процесс формирования учебного курса “Религиоведение” в общеобразовательных школах как учебного предмета в условиях КР.

**Предмет исследования:** Содержание и научно-методические основы школьного религиоведческого образования КР.

**Методы исследования**: теоретический анализ и обобщение, наблюдение, беседа, социологический опрос, педагогический эксперимент.

**Новизна научного исследования:**

- определена роль школьного религиоведческого образования, теоретически обоснована необходимость введения религиоведения;
- уточнены причины, цели введения в общеобразовательных школах религиоведения;
- разработана программа (содержание) религиоведческого образования в 8-11-классах;
- определены формы, методы обучения и воспитания на основе религиоведения, общие требованияк учителям и учащимся.

**Практическое значение исследования.** Разработанный соискателем первый вариант программы по религиоведению, может быть использован как курс по выбору в общеобразовательных школах. Определены трудности учащихся, вступивших в секты, эктремистские общества и работа с ними. Разработаны методы по обучению курсу “Религиоведение”, подготовленные методические рекомендации для учителей. Результаты исследования могут быть использованы преподавателями в учебно-воспитательном процессе теологического факультета в высших учебных заведениях.

**dissertation research of Dzhumabaeva Gulaym Abdysamatovna on the theme: "Scientific and methodological formation bases of the religious education content" for the candidate's degree of pedagogical sciences on a specialty 13.00.01. - General pedagogy, history and theory of pedagogy.**

**Keywords**: scientific, religious ethics, purpose, spiritual and moral, it contained, mentality, methods, sect,pseudo-cultural, rational-logical, irrational, intuitive thinking, wisdom.

**Objective**: to study the practice of religious school education and training in another states, the coursecontent definition "religious" means the introduction of the course in terms of the Kyrgyz Republic.

**Object of research**: process "religion" teaching course formation at secondary schools as a school subject in KR.

**Subject of research**: content and scientific-methodological bases of religious school education KR.

**Methods**: theoretical analysis and a generalization, observation, conversation, sociological questionnaire, pedagogical experiment.

**The novelty of the research**:

It identifies the role of religiousschool education theoretically and the necessity of introduction of religious studies;

- Specify the reason, objective introduction of religious studies at secondary schools
- A program (content) 8-11 religious education classes;
- Defined forms and methods of training and education on religionbasis, the general requirements of teachers and students.

**The practical significance of the study:**

A first version of the program in religious studiescanbe used as an optional course at schools. Identified difficulties of students entered sects, extremist society and interested pseudo cultural exercises and work with them. Methods of teaching course "religion", prepare guidelines for teachers.

Results of the research can be used for training teachers and for the educational process of theological faculty at higher educational institutions.

Басууга22.02.2017-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16.Офсет кагазы
Көлөмү 1.75 б.т., Нускасы 100 экз.

КББАнын «Билим» басма борбору
Бишкек ш., Эркиндик бул. 25